**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз III сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2025-жылдын 24 - январы, № 3/3 — Ылай-Талаа айылы.

**Мамлекеттик салык кызматынын Кара-Кулжа району боюнча башкармалыгынын 20.01.2025-жылдагы № 01-4/17 чыгуу санындагы катына ылайык Турак жайга же жайга мүлк салыгынын базалык салыктык наркын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесинин 4 – "Жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле мыйзамдарда каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо" пунктуна ылайык турак жайга же жайга мүлк салыгынын базалык салыктык наркын бекитүү боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн юрист, кирешелер боюнча башкы адиси А.Абакировдун маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагында турак жайга же жайга мүлк салыгынын базалык салыктык наркы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бекитилген жаңы базалык салыктык нарк боюнча тиешелүү эсептөөлөрдү жүргүзүп, 2025-жылдын план тапшырмасын аткарууну камсыз кылуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

Тиркемелер тиркелет.

**Төрага** **А.Мойдунов**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык
Кеңешинин 24.01.2025-жылдагы № 3/3
токтомуна № 1 тиркеме

**Ылай-Талаа айыл аймагы боюнча 2025-2027-жылдар үчүн Турак-жайга же жайга мүлк салыгынын базалык салыктык наркы**

| № | Дубалдардын материалы | Эксплуатациялоо мөөнөтү | Базалык салыктык наркы, сом |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыш | 5 жылга чейин<br>5-15 жыл<br>15-30 жыл<br>30-45 жыл<br>45 жылдан ашык | 15<br>14<br>13<br>12<br>10 |
| 2 | Жыгач | 5 жылга чейин<br>5-15 жыл<br>15-30 жыл<br>30-45 жыл<br>45 жылдан ашык | 13<br>12<br>11<br>10<br>8 |
| 3 | Курама же монолитүү бетон, темир бетон, бетон блоктор, кум блоктор, пеноблоктор, айнек, сендвич панель | 5 жылга чейин<br>5-15 жыл<br>15-30 жыл<br>30-45 жыл<br>45 жылдан ашык | 14<br>13<br>12<br>11<br>10 |
| 4 | Чийки топо (саман, гуваляк, сокмо) | 5 жылга чейин<br>5-15 жыл<br>15-30 жыл<br>30-45 жыл<br>45 жылдан ашык | 10<br>9<br>8<br>6<br>5 |
| 5 | Шлакоблок, полистиролдук курулуш блогу | 5 жылга чейин<br>5-15 жыл<br>15-30 жыл<br>30-45 жыл<br>45 жылдан ашык | 9<br>8<br>7<br>6<br>5 |
| 6 | Металл | Эксплуатациялоо мөөнөтүнө карабастан | 10 |
| 7 | Башка материалдар жана убактылуу жайлар үчүн материалдар | Эксплуатациялоо мөөнөтүнө карабастан | 8 |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык
Кеңешинин 24.01.2025-жылдагы № 3/3
токтомуна № 2 тиркеме

**Ылай-Талаа айыл аймагы боюнча 2025-2027-жылдар үчүн таштанды жыйымынын мекеме ишканаларга бир жашоочуга, ал эми коомдук тамактануу жайларга, соода түйүндөрүнө, кызмат көрсөтүүчү жана башка коммерциялык багыттагы жайларга курулуштун бир чарчы метр аянтына ставкасы**

| № | Кв.метрге чейин | Ставка | Сумма |
|---|---|---|---|
| 1 | 20 | 100 | 2000 |
| 2 | 50 | 60 | 3000 |
| 3 | 100 | 40 | 4000 |
| 4 | 150 | 30 | 4500 |
| 5 | 300 | 20 | 6000 |
| 6 | 500 | 15 | 7500 |
| 7 | 800 (чейин жана жогору) | 10 | 8000 |

**Эскертүү:** Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 75-76-беренелеринин негизинде жыйымдын ставкасынын чоңдугун мекеме ишканаларга жылына бир жашоочуга 100 сомдон, төлөө мөөнөтү жылдын II кварталынын 1- айынын аягына чейин.

Коомдук тамактануу жайларга, соода түйүндөрүнө, кызмат көрсөтүүчү жана башка коммерциялык багыттагы жайларга курулуштун жылына бир чарчы метр аянтына бир эсептик көрсөткүчтөн көп эмес өлчөмдө төлөө мөөнөтү жылдын ар бир айынын 20-числосуна чейин.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**